*Абдыкадыров С.К., Оморов Ш.О.*

# АЙЫЛ ЧАРБА ИШКАНАЛАРЫНЫН ЭКОНОМИКАЛЫК ТУРУКТУУЛУГУН ЖОГОРУЛАТУУГА КӨМӨКТӨШҮҮЧҮ МААЛЫМАТ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ ЖАНА СИСТЕМАЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ

*Абдыкадыров С.К., Оморов Ш.О.*

# О СИСТЕМАХ И ТЕХНОЛОГИЯХ СПОСОБСТВУЮЩИХ ПОВЫШЕНИЮ ЭКОНОМИЧЕСКОЙ УСТОЙЧИВОСТИ СЕЛЬСКОХОЗЯЙСТВЕННЫХ ПРЕДПРИЯТИЙ

*S.K. Abdykadyrov, Sh.O.Omorov*

# ABOUT SYSTEMS AND TECHNOLOGIES OF THE AGRICULTURAL ENTERPRISES PROMOTING INCREASE IN ECONOMIC STABILITY

*УДК: 33.(004).(575.2)*

*Айыл чарба өндүрүшүн башкарууда жаңы маалымат технологияларын колдонуу ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун, атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү жана экономикалык туруктуулукту жогорулатууга жардам берет.*

***Негизги сөздөр:*** *маалымат технологиялары, атаандаштык, айыл чарбасы, экономикалык, уюмдук, техникалык, өндүрүштүк, экологиялык жана маркетингдик туруктуулук.*

***Ключевые слова:*** *информационные технологии, конкуренция, сельское хозяйство, экономическая, организационная, техническая, производственная, экологическая и маркетинговая устойчивость.*

*Использование новых информационных технологий в управлении сельским хозяйством способствует повышению эффективности деятельности, конкурентоспособности и экономической устойчивости.*

*Use of new information technologies in management of agricultural industry promotes increase in efficiency of activities, competitiveness and economic stability.*

***Key words:*** *information technologies, competition, agricultural industry, economic, organizational, technical, production, ecological and marketing stability.*

Рынок мамилелеринин калыптануу шартында Кыргызстандын айыл чарба ишканаларынын акыбалы маалыматтык камсыздоодон жана маалымат технологияларын туура тандоодон көз каранды болгон жагдайда турат. Өнөр жай тармагында маалымат технологиялары жетишээрлик деңгээлде жана максаттуу колдонула баштаганы менен айыл чарба өндүрүшүндө аларды колдонуунун түпкү маңызын түшүнбөөчүлүктөр көп эле кездешет.

Азыркы убакта системалардын туруктуулугун баалоодо, түрдүү көрсөткүчтөргө негизделген: Ляпунов боюнча туруктуулук, Лагранж боюнча туруктуулук, практикалык туруктуулук, орбиталдык туруктуулук ж.б. боюнча түрдүү аныктоо ыкмалары жашап келет.[5.-218с]

Ишканалардын экономикалык туруктуулугун жогорулатууга өбөлгө түзүүчү маалымат технологияларын экономикалык туруктуулуктун түрлөрү боюнча кароо максатка ылайыктуу болот.

**Уюмдук туруктуулук** ички уюмдук структуранын туруктуулугун, ар кайсы бөлүмдөр менен кызматтардын ортосундагы байланыштардын калыптануусун о.э. ыкчамдуулугун боолголойт. Изилдөөлөр көрсөткөндөй жумушчулардын эмгек убактысынын 75% документтерди даярдоого, толтурууга, нускалоого, көчүрүүгө, издөөгө жана аралыкка берүүгө сарпталат. Документ айлантууну туура уюштуруу менен жогоруда аталган амалдарга кетүүчү убакытты бир топ үнөмдөөгө жана маалыматтын сапатын жогорулатууга болот. Бул максатта электрондук документ айлантуу системасын кийирүү абзел.

Бүгүнкү күндө маалыматтык тейлөө рыногу («DocsVision» компаниясынын) «Бизнес-жараяндарды жана документтерди башкаруу боюнча DocsVision платформасын»; «Документтерди башкаруу боюнча: (ЛАНИТ компанияларынын тобунун) “LanDocs” программасын; («Электрондук Офистик Системалар» компаниясынын) «ДЕЛО» программасын; (Cognitive Technologies компаниясынын) «Электрондук документ айлантуу жана иш өндүрүшүн автоматташтыруунун «ЕВФРАТ-Документооборот» системасын сунуштап келишүүдө.

2006-жылдан тартып Enterprise Content Management – ECM системасынын концепциясы кеңири пайда болду. ECM-системасы – ишкананын маалыматтык ресурстарын (текстик документтер, сүрөттөлүштөр, электрондук таблицалар ж.б.) башкаруу системасы б.э.

ECM-системанын негизги максаты – ишканада топтолуп калган маалыматтык активдерди компаниянын атаандаштыкка туруктуулугун жогорулатуу багытында колдонуунун камсыздоо[3] болуп саналат.

**Техникалык туруктуулуктун** деңгээли ишкананын учурдагы техникалык базасынан көз каранды. Электроника жана маалымат технологияларынын базасында башкарылуучу машиналар көбүрөөк кызыгууну туудурат. Анткени аларды колдонуу аркылуу өндүрүлүүчү продукциянын санын жана сапатын жогорулатууга, күйүүчү майды үнөмдөөгө жетишүүгө болот.

---

[3] Глинских А. Мировой рынок систем электронного документооборота. [Электронный ресурс]. – http://www. citforum. ru/ consulting/docflow/market/article1. 8.200222. html# AEN33].

Мисалы келтирсек, CLAAS компаниясынын “TELEMATICS” системасы комбайндын жумушунан ыкчам маалымат алууга мүмкүндүк берет. Анын жардамында машинага диагностика жасоого, өндүрүмдүүлүгүн билүүгө, кайсы жерде иштеп жаткандыгын аныктоого болот. Бул системаны бардык CLAAS комбайндарына коюуга болот.

**Өндүрүштүк туруктуулук** ишкананын колунда бар ресурстарын ырааттуу пайдалануу аркылуу пландаштырылган чарбалык натыйжаларга жетишүү мүмкүнчүнчүлүгү менен мүнөздөлөт.

Мал чарбасында автоматташтырылган комплекс мал-жандыктын ал-абалы тууралуу бардык маалыматтарды бир компьютердик базага кийирүүгө мүмкүндүк берет. Анын жардамында ыландоо, төлдөө жана сүттүүлүк тууралуу маалыматтар ферманын адистерине дайыма белгилүү болот. Мындан сырткары электрондук системалар тукум куучулуктун бардык параметрлери тууралуу маалыматты сактай алат.

Мисал катары (DeLaval компаниясынын) ферманы башкаруу боюнча DelPro™ жана ALPRO™ системалары, S.A.E.AFIKIM компаниясынын ферманы башкаруунун компьютердик системаларын айтууга болот.

Бүгүнкү күндө жер-жемиштерди, көчөттөрдү, гүлдөрдү жана жашылча-чөптөрдү күнөсканаларда өстүрүү бир топ кызыгууну жаратууда. Азыркы кезде күнөсканалар үчүн продукцияны өндүрүүнүн экономикалык натыйжалуу технологияларын колдонуу зарыл. Мисалы, технологиялык жараяндарды башкарууда маалымат технологияларын колдонуу энергиялык чыгымдарды 25% чейин үнөмдөөгө, өсүмдүктөрдүн жана түшүмдүн сапатын жогорулатууга мүмкүндүк берет. Россиялык «Фито» [4] компаниясы тарабынан күнөскананын микроклиматын, тамчылатып сугарууну, жер семирткичтердин дозалоо боюнча автоматташтырылган системалар иштелип чыккан. Программада башкаруу системасынын абалын убакыттын реалдуу мерчеминде анализдеп берүүгө жана диагностикалык о.э. авариялык кабарламаны тексттик, добуштук режимдерде берүүгө жетишилген.

**Экологиялык туруктуулук.** XX кылымдын экинчи жарымынан тартып өсүмдүк өстүрүүнүн жана мал чарбасынын продукцияларында витаминдердин жана микроэлементтердин үлүшүнүн азайып кетүү көйгөйү пайда болгон. Негизги себеп – топурактын бузулушу (деградация). Тилекке каршы, учурда көйгөй толугу менен чечиле элек. Ошентсе да, ГИС-продуктарды, ГИС-технологияларды, ГИС-тейлөөлөрдү колдонуу аталган көйгөйдү чечүүгө бир топ жардам берет.

1С: Предприятие 8.0 системасы үчүн түзүлгөн «АдептИС: айыл чарбасында кошмо пландаштыруу 3-версия» прогаммасынын функционалдык мүмкүнчүлүктөрү топурактын анализинин натыйжаларын киргизүүгө жана алардын негизинде жер пайдалануу объекттеринин реестрин түзүүгө жардам берет. Топурактын анализинин натыйжалары визуалдуу түрдө (түс менен) талаалардын электрондук карталарында чагылдырылат. Жер семирткичтерди оптималдуу ылгоого да мүмкүнчүлүк бар.

**Маркетингдик туруктуулук.** CRM (Customer relationship manage ment – кардарлар менен өз ара мамилелерди башкаруу) термини менен, эреже катары, кардарлар менен өз ара мамилелерди башкаруу боюнча маалымат системаларын эле эмес кардарга болгон багыттын стратегиясынын өзүн да белгилешет.

Адатта CRM-чечим сатууларды, маркетингди жана кардарларды тейлөө системасын башкарууну камтыйт. Мисал катары: («КОМПАС») компаниясынын «Маркетинг жана менеджмент» CRM-системасын; («ПАРУС корпорациясынын») «ПАРУС» CRM-системасын келтирсек болот.

**Экономикалык туруктуулуктун** жогорулоосуна жалпысынан алганда корпоративдик маалымат системалары өбөлгө түзөт, анткени, алар бизнести пландаштыруудан баштап ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжаларына чейинки аралыктагы башкаруунун бардык функцияларын автоматташтырууну камтыйт. Бирок корпоративдик маалымат системалары татаал, кымбат жана атайын жекече түзөтүүлөрдү талап кылат.

Маалымат системаларынын рыногунда корпоративдик маалымат системаларына кирбеген, бирок башкаруунун көптөгөн маселелерин чече алуучу программалар сунушталууда. Мисалы: («1С» фирмасы менен «Черноземье ИНТЕКО» компаниясынын) «1С:Предприятие 8. Айыл чарбасын башкаруу»; (АдептИС ЖАК-н) «1С:Предприятие 8» үчүн «АдептИС: Агрокомплекс» системасы; («ПАРУС корпорациясынын») «Парус-АПК» программалары ж.б.у.с.

Кээде ишканаларга бир нече маалымат системалары да киргизилүүдө, мисалы, электрондук документ айлантуу системасы, персоналды башкаруу системасы, бухгалтердик учеттун пакети, CRM-системалар. Мындай учурларда маалыматтарды консолидациялоо көйгөйүн чечүүгө туура келет, андыктан бири-бир менен иштешип кете ала турган системаларды тандоо абзел.

Мына ошентип, айыл чарба өндүрүшүн башкарууда жаңы маалымат технологияларын колдонуу ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун, атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү жана экономикалык туруктуулукту жогорулатууга жардам берет.

Ишкананын, анын ичинде экономикалык туруктуулуктун ар кайсы түрүнүн абалын өз убагында көзөмөлдөө башкаруучулук чечимдерди кабыл алууга кетүүчү убакытты бир топ үнөмдөөгө мүмкүндүк берет. Башкаруунун жаңы маалыматтык технологияларын кийирүү бир кыйла финансылык каражаттарды талап кылуусу мүмкүн, бирок, ишкананын ишмердүүлүгү тууралуу маалыматтын

[4] ООО НПФ "Фито" российский производитель, г. Москва, http://productcenter.ru/producers/10/ooo-npf-fito

жоктугу кээ бир учурларда андан да кыйла кымбатка түшүүсү мүмкүн.

**Адабияттар:**


1. Рейнгольд Л.А. Структурирование информации: системный подход. М.: Наука, 2004. - 200 с.
2. Нижегородцев Р.М. Теоретические основы информационной экономики. Владикавказ, 1998.
3. Коваленко А.В., Калинская Е.С., Гелета И.В. Направления роста производительности труда// Экономика устойчивого развития. Региональный научный журнал. Краснодар. КРОО «ОАИУР», 2014.
4. Дринча В.М. Информационные системы на службе сельского хозяйства // Экономика и финансы. - 2004. - № 5.
5. Омурзаков С.А. Чарба жүргүзүүнүн жаңы шарт-тарында агрардык өндүрүштү башкаруу. Монография. Бишкек-2014. -251с.
6. Рысбаев М.Р. Айыл чарбасында жер ресурста-рынын өзүн-өзү актоосу, анын манызы жана маани мазмуну. // Наука и новые технологии Кыргызстана, № 4, 2016. Стр. 103.


**Рецензент: к.э.н., доцент Уметов С.С.**